91C 78
M15



Э. МАКЕШОВА

# МЕМОРИАЛЬНЫЙ МУЗЕЙ Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКОГО

«Мекениме кайтып келгенден кийинки кубанычтын биринчи күндөрү өтөр замат мени оор, кусалуу сезим каптап алат. Европадан табылбай турган кандайдыр кымбат, унутулгус нерселер Азиянын алыскы чөлдөрүндө калып калган сыяктуу, мезгил улам арылаган сайын, ал кусалык улам көбөйө берет».

Н. Пржевальский

«Грустное, тоскливое чувство всегда овладевает мною, лишь только пройдут первые порывы радостей по возвращении на родину. И чем далее бежит время, тем более растет эта тоска, словно в далеких пустынях Азии покинуто что-либо незабвенное, дорогое, чего не найти в Европе».

Н. Пржевальский.



Э. МАКЕШОВА

# Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКИЙДИН МЕМОРИАЛДЫК МУЗЕЙИ

# МЕМОРИАЛЬНЫЙ МУЗЕЙ Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКОГО

ИЗДАТЕЛЬСТВО «КЫРГЫЗСТАН»
ФРУНЗЕ—1973

633—
М 451(17)—73

81—72

91/с54
М 15

Макешова Э.

Мемориальный музей Н. М. Пржевальского. Ф., «Кыргызстан», 1973.

32 с. с илл.
16 см. 10000 экз. 16 к.

Справочник-путеводитель, на русском и киргизском языках, знакомит с экспозициями Мемориального музея Н. М. Пржевальского, рассказывающими о жизни и деятельности великого путешественника, исследователя Центральной Азии.

В справочнике дано краткое описание курортов, санаториев, домов отдыха и других достопримечательных мест вблизи Пржевальска, где туристы могут хорошо отдохнуть.

Э. Макешова
МЕМОРИАЛЬНЫЙ МУЗЕЙ Н. М. ПРЖЕВАЛЬСКОГО

Редакторы *И. С. Кондратьева, Ормонбеков*
Художник *Э. Касымов.* Худ. редактор *И. А. Ефимов.*
Техн. ред. *Т. Ф. Василенко.* Корректор *Р. Шинтасова.*
Сдано в набор 28/IV-1973 г. Подписано к печати 14/VIII-1973 г. Д—03469
Бумага типографская № 2, формат 70×108[1]/32, 1,37 физич. печ. л., 1,92 условн. печ. л., 2,33 учет.-изд. л. Тираж 10.000. Заказ № 1245. Цена 16 к.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул Жигулевская, 102, Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.

6-3-3

© Издательство «Кыргызстан», 1973

«Пржевальский биздин өлкөбүзгө эмнеси менен кымбат жана жакын жана эмне үчүн биз анын эстелигине мынчалык кылдат мамиле кылабыз? Ал өзүнүн мекенге болгон сүйүүсү, кажыбастыгы, илимдин урматы үчүн керт башынын жыргалчылыктарынан кечкендиги менен кымбат, акырында ал бизге бекем кубаты, эрки жана өзүнүн бүт өмүрүн арнап койгон ишке болгон терең ишеними менен кымбат».

Н. П. Померанцев.

... «Мейли эмне дешсин,— деп жазган Пржевальский, —чынын айтканда жаратылышты сүйүүдө кандайдыр бир өзгөчөлүк, чексиз терең нерсе бар». Ал бүт өмүрү бою чынында эле сүйгөн кесибинен баш тартпай, борбордук Азиянын жаратылышынын көптөгөн жашыруун сырларын аныктап ачкан.

Кылдат байкагыч, эң сонун коллекцияны түзгөн, укмуштай анализ жасай билгич, жаратылыштын көп кубулуштарын түшүндүргөн Н. М. Пржевальский физикалык география, этнография, биология илимдерине эң чоң салым кошкон.

Анын саякатынын натыйжасында Борбордук Азиянын картасында ачылбаган бир да жер калган жок. Н. М. Пржевальскийдин изилдөөсү эң чоң аянтты: Памирдин тоолорунан тартып Ханкон кырларына чейинки жерди кучагына алган. Николай Михайлович Борбордук Азияны 10 жыл бою изилдеп, 31.185 чакырым жер баскан. Анын 20 миң чакырымын картага түшүргөн. Ал 16 миң түрдүү гербарий чогултуп, жаныбарлардын, куштардын, сүт эмүүчүлөрдүн 7 миңден ашык кебин жасаган.

Пржевальский Борбордук Азиянын Гоби чөлү, Ала-Шандын чөлү жана Ордос, Джунгария, Кашкар өрөөнү

жөнүндө биринчи жолу толук баян жазган. Ал Тибет тоолорунун түндүк чет арасын белгилеген. Бурхан-Будда, Гумбольд, Риттер, Колумба, Загадочный, Московский, Цайдамский өңдүү бийик чокуларды тапкан. Куень-Лунь, Нан-Шань тоо кыркаларына биринчи болуп чыккан. Хуан-Хе, Янцзы-Цзян, Тарим дарыялары жөнүндө жазган. Анын изилдөөсүнөн кийин гана Борбордук Азия жөнүндөгү маалыматтар илимий негизге ээ болду.

Пржевальскийдин саякатына чейин Борбордук Азиянын өсүмдүктөр дүйнөсү илимпоздор үчүн өтө белгисиз эле. Ал алып келген гербарийлеринин ичинен 218 түрү буга чейин ошол кездеги илимде белгисиз жаңылык болду, мунун 173ү тибет жана 44ү монгол өсүмдүктөрү эле. Анын ботаникалык чоң эмгеги Дүйнөлүк илимдин тарыхына Борбордук Азиянын полиграфиялык негизи катары кирди.

Пржевальскийдин экспедициясы Борбордук Азиянын калк жашаган өрөөндөрү аркылуу өткөн эмес. Ушул себептен этнографиялык жактан толук изилдөө жүргүзө алган эмес. Мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна карабастан корейлердин, кытайлардын, монголдордун жана башка элдердин үрп-адатын, жашоо турмушун изилдөөгө көп көңүл бурган. Борбордук Азияда кара-курчун уруусу бар экендигин биринчи жолу ачкан.

Пржевальский Борбордук Азиянын геологиясы боюнча эң көп иш бүтүргөн. Тоо-таштарынын коллекциясын чогултуп, анын кандайча пайда болуу тарыхын изилдеп, составдары жөнүндө жазган.

Борбордук Азиядан Пржевальскийдин алып келген миңдеген коллекциясын орус окумуштуулары ондогон жылдар бою, Пржевальский өлгөнгө чейин да, ал өлгөндөн кийин да изилдешип, иштеп чыгышкан. Иштеп чыгууга Россиянын эң чоң окумуштуулары: К. Максимович, А. С. Берг, А. П. Федченко катышкан.

Н. М. Пржевальскийдин илимий жыйынтыктары беш бөлүккө бөлүнөт: география, метеорология, этнография, зоология, ботаника. Мына ушундан анын көптөгөн окумуштуулардын аракети менен бүтө турган ишти жалгыз өзү бүтүргөндүгү көрүнүп турат.

Н. М. Пржевальский легендарлуу саякаты менен орус илимин бир кылымга алга жылдырды. Совет эли өзүнүн дүйнөгө атагы чыккан окумуштуусу жана саякатчысы менен сыймыктанат. Анын эмгектери нечен жолу басмадан чыгып, элибиздин сүйүктүү кенчине айланды. Анын өлгөнүнө 84 жыл болсо да күндөлүгү, каттары, эмгектери бүгүн да илимий баалуу эмгек катары бааланууда.

1959-жылы 29-апрелде Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтому боюнча биздин өлкөбүздө биринчи жолу Н. М. Пржевальскийдин мемориалдык музейи ачылды. Ал көгүлтүр Ысык-Көлдүн түштүк-чыгыш жээгине курулган Пржевальск шаарына чейин 12 чакырым.

Азыркы учурда Н. М. Пржевальскийдин мемориалдык музейи бүтүндөй бир комплексти түзөт. Анда Н. М. Пржевальскийдин мүрзөсү, эстелиги, музейи бар.

Н. М. Пржевальскийдин өмүрү жана ишмердиги жөнүндөгү материалдар беш бөлүктөн турат.

1. Н. М. Пржевальскийдин балалык жана жаштык чагы.

2. Уссури крайына саякаты.

3. Борбордук Азия боюнча биринчи жана экинчи саякаты.

4. Тибетке эки жолку саякаты.

5. Бешинчи саякатынын башталышы. Пржевальскийдин өлүмү жана элдин ал жөнүндө эскерүүсү.

Н. М. Пржевальский Смоленский губерниясынын Кимборово кыштагында 1839-жылы 12-апрелде Невский жөө аскерлер полкунун отставкадагы офицери Михаил Кузь-

мич Пржевальскийдин үй-бүлөсүндө туулган. Саякатчынын балалык чагы Отродныйдын жеринде өткөн.

Анын кооз жаратылыш, гүлдүү шалбаалар, шоолдогон ак кайыңдар, көл, жаш баланы абдан кызыктырган. Ал керели кечке кыдырып басып, оюнчук мылтыгын атып, балык кармап ойногон. Мына ушул оюндардын бардыгы жаш баланын денесин чыңдап, токтоолукка жана чыдамкайлыкка үйрөткөн. Кругозорунун өсүшүнө жардам берип, жаратылышты сүйүүгө тарбиялаган.

Ал Смоленскийдеги Гимназияга 1849-жылы кирип, 1855-жылы аны ийгиликтүү бүтүргөн.

Гимназияны бүтүргөндөн кийин Н. М. Пржевальский Рязанский полкуна кирип, анда 5 жыл кызмат кылат. Бирок да аскер кызматы аны канааттандырган эмес. Басса-турса да саякат жасоону эңсеген. Бирок ага гимназияда алган билими жетишсиздик кылган. Ал Академиянын генералдык штабына кирип, 1863-жылы аны бүтүргөндөн кийин Варшавадагы юнкерлер окуу жайына мугалим болуп, эки жыл бою тарыхтан жана географиядан сабак берет. Ошол жылдарда ал саякат жасоого даярдана баштайт. Ал «Амур крайынын аскердик статистикалык баяны» деген биринчи эмгегин жазат. Бул эмгеги окумуштуулар тарабынан жогору бааланып, Пржевальский, орус географиялык коомунун анык мүчөлүгүнө шайланат.

Н. М. Пржевальский Борбордук Азияны изилдөө үчүн экспедиция түзүп, ага башчылык кылууга руксат сурап географиялык коомго кайрылат. Коомдун мүчөлөрү башта изилдөө жумуштарында белгисиз болгон жаш изилдөөчүгө мындай олуттуу ишти тапшыра коюшпайт. Пржевальский Иркутскийге кызматка которулат. 1867—1869-жылдары биринчи жолу Уссури крайына саякат жасайт.

Бул саякаттан кийин Пржевальскийдин ысмы бүткүл Россияга белгилүү болот. Анын чогулткан материалы тематикасынын ар түрдүүлүгү, терең изилдөө жүргүзгөн-

дүгү, оригиналдуулугу, жалпылап жана туура жыйынтык чыгаргандыгы менен таң калтырат. Ошол саякаттын натыйжасында «Уссури крайына саякат жасоо» деген китеп жазган. Ал китеби үчүн Пржевальскийди орус географиялык коому күмүш медаль менен сыйлаган.

1870—1873-жылдары географиялык коом Пржевальскийди Монголияга, Кытайга жана Тибетке командировкага жиберет. Экспедициялык отряд 4 кишиден турат. Алар саякатты Каяхта шаарынан башташып, Гоби чөлүн басып, Далай-Нур көлүн изилдешип, Ордос чөлүнө өтүшүп, Күкүнөр көлүн ачышып, Янцы дарыясынын куймасына барып токтошот. Үч жылдын ичинде Пржевальскийдин экспедициясы 11 миң чакырым жер басышкан. Бул саякаттын натыйжасы эң зор болучу.

Саякаттын убагында «Монголия тангуттардын өлкөсү» деген эки томдуу эмгек жазган. Биринчи тому географиясына, экинчи тому зоология материалдарына арналган. Ал китеп немец жана англис тилине которулган. Париж география коому авторду чоң алтын медалы, ал эми орус география коому Константиновский медалы менен сыйлаган.

1876—1877-жылдары Николай Михайлович Борбордук Азияны терең аралап, экинчи жолу саякат жасайт. Бул саякат «лобнор» деген ат менен географиялык ачылыш катары тарыхка кирди. Экспедициянын планына Лобнорду, Тибетти, Лхоссты жана Бромнатурдун жээктерин изилдөө кирген.

Бирок бул саякат акырына чейин бүтпөй калган. Аны аяктоого көп себептер, Николай Михайловичтин ооруп калышы, орус-түрк согушунун башталышы, Кытай менен Россиянын мамилесинин бузулушу, энесинин өлүмү жолтоо кылган. Ал 1877-жылы 1-июнда өзүнүн күндөлүгүнө мындай деп жазган: «мындай мүнөттө намыс, тынчтык саякатын убактылуу токтотуп турууну жана согушуп жат-

кандардын катарында болууну талап кылат, бүрсүгүнү бул жөнүндө Петербургга телеграмма жиберем, кандай жооп аларымды билбейм...»

Ошондой болсо да бул өзгөчө саякат илимге өз салымын кошту. Алтын-Тоо системасы, Лоб-Нор көлү, Джунгариядагы жапайы жылкы жана жапайы төө табылды.

Н. М. Пржевальский саякатын токтотуп, мындай деп жазган: «Кош бол, менин бактылуу турмушум, бирок узакка эмес, жылдар өтөт, Кытай менен кыжыңдашуулар бүтөт. Менин саламаттыгым жакшырат да, кыдырып кайра чыгып, кайрадан Азиянын чөлүнө жол тартамын.»

Ушул мезгилде Н. М. Пржевальский илимдер Академиясынын Санк-Петербургдун ботаникалык багынын ардактуу мүчөлүгүнө шайланат. Берлиндеги географиялык коом аны Гумбельдт атындагы алтын медаль менен сыйлайт.

Үчүнчү саякаты Пржевальскийдин өзү айткандай «Тибетке биринчи саякаты» 1879—1880-жылдарда болгон. Анын Тибетке жасаган саякаты эң кызыктуу болуп, жемиштүү натыйжаларды берет. Башта белгисиз болгон 8 миң чакырымдан ашык жер картага түшүрүлөт. Пржевальскийдин экспедициясы Джунгарияда, Чыгыш Тянь-Шанда, Нан-Шанда, Тибетте, Көкнарда, Ала-Шанда жана Сары дарыянын жогорку жагында болушат. Пржевальский ал жердин климатын изилдеп жана Чыгыш тибеттеги муссондордун аракетинин чек арасын аныктайт. Катуу бороондун пайда болушунун себебин жана алардын жергиликтүү рельефтин жана климаттын өзгөрүшүнө тийгизген таасирлерин аныктайт. Эң көп жан-жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн коллекциясын чогултат. Кытайлардын, тибеттиктердин үрп-адаты жана жашоо турмушун изилдейт.

Эркинин күчтүүлүгү жана чечкиндүүлүгү менен Прже-

вальский Борбордук Тибетке чейин барат. Ошол оор экспедициялык күндөрдө ал өлүп калыптыр деген кабар таралган; бирок улуу саякатчы өз ишин уланта берген. Ошол саякатта «Зайсандан Ками аркылуу Тибетке жана Сары дарыянын баш жагына баруу» деген чоң эмгегин жазган.

Тибеттик экспедициясынан кийин Пржевальскийди Москва Университетинин ардактуу мүчөлүгүнө жана Москва айыл чарба коомунун ардактуу мүчөлүгүнө шайлашкан.

Төртүнчү саякатын Н. М. Пржевальский 1883—1885-жылдары аяктаган. Саякат эки жылга созулган. Ушул мезгилдин ичинде ал Сары дарыянын куймаларын, Алтын-Тагды жана Кашкардан Таримдин бассейнине чейинки аралыкты изилдейт. Пржевальскийдин экспедициясы Тибет бийик тоолорунан эч кандай кырсыксыз түшүп, бир катар тоо системаларын: атап айтканда Московскийди, Русскийди, Колумбаны ачат. Алтын-Тагдын ашуусун ашып, Лоб-Нор көлүнө келип, Такла-Макан чөлүнөн өтүп, Тянь-Шань тоолоруна жетет. Бедел ашуусунан өткөндөн кийин өзүнүн үзөңгү жолдошторун төртүнчү саякаттын аякташы менен куттуктайт. Аларга мындай дейт: «Бүгүнкү күн биз үчүн эң кубанычтуу күн, Кытайдын чек арасынан өтүп бир тууган жерибизге келдик. Өзүбүздүн милдетибизди акырына чейин аткардык. Борбордук Азиянын европалыктардын буту баспаган көп жерлерин аралап жана изилдеп чыктык. Силерге урмат жана даңк, жолдоштор! Силердин эрдигиңер жөнүндө бүткүл дүйнөгө жар салам. Биз кызмат кылып жаткан илимибиздин атынан, биз даңктаган мекенибиздин атынан кызматыңар үчүн ар бириңерди кучактайм.»

Экспедиция Зоока капчыгайынан өтүп Каракол шаарына келет. Шаардын бардык калкы: кыргыздар, өзбектер, орустар эр жүрөк саякатчыны ардактап тосуп алы-

шат. Кыргыздын бул кооз жерине Н. М. Пржевальскийдин биринчи жолу келиши болучу.

Төртүнчү саякатынын жыйынтыгы «Кыятыдан Сары дарыянын куймасына чейин» деген эмгегинде баяндалган. Бул эмгеги үчүн Россиянын илимдер Академиясы аны алтын медаль менен сыйлайт. Ал медалдын бир бетинде «Борбордук Азиянын жаратылышын биринчи изилдөөчүгө», деп жазылган, экинчи бетинде саякатчынын сүрөтү түшүрүлгөн.

Төртүнчү бөлүктө Пржевальскийдин төртүнчү саякатынын жана анын Слободадагы үйүнүн фото көчүрмөсү коюлган. Николай Михайлович саякаттан келген сайын Борбордук Азиянын жаратылышын изилдеген илимий эмгектерин ошол үйдө жазып турган. Көрүүчүлөр Пржевальский менен саякатка бирге чыгышкан: В. И. Роборовский, П. К. Козловдордун сүрөтүн көрө алышат. Бул эки окумуштуу кийин Пржевальскийдин чыныгы окуучусу экендиктерин көрсөтө алышты. География илиминин өсүшүнө көп салым кошушту.

Н. М. Пржевальскийдин даңкы көтөрүлгөндөн көтөрүлө берди. Ал саякатка Каракол шаарынан Тибет—Лхасска баруучу саякатка даярданат. Бирок бул саякаттар аяктоо эр жүрөк окумуштуунун таалайына туш келбей калды. Николай Михайлович саякатын баштай турган Каракол шаарына жеткенде ооруп калат да, 50 жаш курагында 1888-жылы 1-ноябрда дүйнөдөн кайтат.

«...Менин сөөгүмдү сөзсүз Ысык-Көлдүн жээгине койгула... жазуусу жөнөкөй болсун». Саякатчы Пржевальский өзүнүн экспедициялык кийими менен табытка салынды...

Маркумдун акыркы каалоосу аткарылды. Ал Азияда биротоло калды. Анын мүрзөсү Ысык-Көлдүн дөңсөө жээгинде, Тянь-Шань тоосунун этегинде турат.

1889-жылы 11-мартта Н. М. Пржевальский өлгөндөн

беш айдан кийин, Каракол шаары Пржевальск шаары деп аталсын деп Өкмөт атайын указ чыгарат.

1893-жылы Н. М. Пржевальскийге эстелик курулат. Ал кезде Ысык-Көл, барууга кыйын чет жака болуп, башка жактан адамдар сейрек келишкен. Эстеликти академик А. А. Билдерлингдин проектиси боюнча архитектор Пржевальскийдин жолдошу И. Н. Шредер курган. Эстелик жергиликтүү граниттен курулуп, асканы элестетип турат. Анын салмагы 365 тонна, бийиктиги 8 метр 20 сантиметр. Эстеликтин чокусунда акылдуулуктун, эрдиктин, коркпостуктун символу катарында бүркүт жасалып коюлган. Бүркүт буту менен бронзадан жасалган Азиянын картасын басып, тумшугу менен оливка дарагынын бутагын тиштеп турат. Ал тынчтык жол менен илимдин өнүккөн жеңишин билгизет. Эстеликтин бетинде колодон оюлуп Н. М. Пржевальскийдин баральефи жасалган. Анда: «Борбордук Азиянын жаратылышын биринчи изилдеген Н. М. Пржевальский» деп жазылган.

Музейди көрүүчүлөр эстеликти куруп жаткан учурдагы жана эстелик ачылгандагы көптөгөн сүрөттөр менен тааныша алышат.

Музейге Н. М. Пржевальскийдин өздүк буюмдары: темир сызгыч, баштык, бычак, чөйчөк, карындагы менен күндөлүк жазуучу дептери, мылтыгы коюлган. Ал мылтык эң жакшы жасалган курал катарында Париждеги көргөзмөгө коюлуп, алтын медаль менен сыйланган.

Музейде Н. М. Пржевальскийдин коллекцияларынын өзүндө: көгүлтүр суунун жээгинен табылган Н. М. Пржевальскийдин өзүнүн автографы жазылган көк жашыл таш, кытайлык тыйындар, жапайы койдун сөөгүнө жазылган жазуу, бытыралар жана патрондор бар.

В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейине карата «Пржевальск шаары — Советтик бийликтин жылдарында» деген жаңы бөлүм ачылды.

Совет бийлиги Кыргызстанда орногонго чейин эле Каракол шаарынын Пржевальск шаары деп аталышы көпкө дейре унутулуп калган болучу.

1939-жылы 31-мартта Пржевальскийдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына байланыштуу элдин суроосу боюнча Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Каракол шаары экинчи жолу Пржевальск шаары деп аталат. Шаардагы орто мектептердин бирине, көчөгө, Пристань поселкасына Пржевальскийдин ысмы коюлган. Ошондой эле көлдүн бир булуңу анын аты менен аталат. Бул бөлүмдөн Пржевальский шаарынын чарбалык жана маданий курулушу менен тааныштырууга болот.

Тоолуу крайдын эр жүрөк изилдөөчүсүн Кыргызстанда зор урмат менен эскеришет. Музейге ар түрдүү жаштагы, ар түрдүү кесиптеги, түрдүү улуттун адамдары, ошондой эле чет мамлекеттен меймандар келип турушат.

Жакынкы жылдарда музейдин кең көрсөтмө залы, лекция залы жана чоң китепканасы бар жаңы имаратын куруу белгиленген. Музейдин айланасы эң кооз жайга айланат.

Азыркы учурда музейдин кызматкерлери тарабынан даңктуу изилдөөчү жөнүндөгү жаңы материалдар чогултулуп жатат.

Пржевальск шаары Ысык-Көлдөн 12 чакырым алыстыкта жайгашкан. Сиздер музей менен таанышкандан кийин кооз шаарды, анын айланасын аралап көрсөңүздөр болот.

Автовокзалдан алыс эмес жерде, Дзержинский көчөсүндөгү 158-үйдө Пржевальский атындагы край таануу музейи бар. Мында кызыктуу жана ар түрдүү экспонаттар коюлган. Музей Октябрь революциясына чейин эле ачылган. Ал үч бөлүмдөн турат: 1. «Жаратылыш». 2.

«Совет бийлигинин жылдарындагы чарбалык жана маданий курулуштун жетишкен ийгилиги». 3. «Этнография».

Ленин көчөсүндөгү 152-үйдөгү 1964-жылы 27-апрелде ачылган сүрөтчүлөрдүн чыгармалары көрсөтүлүүчү зал кызыктырбай койбойт. Ал художниктер Союзунун демилгеси боюнча ачылган. Бул жерде жергиликтүү художниктердин, ошондой эле башка республикалардын мастерлеринин мыкты чыгармалары көрсөтмөгө коюлуп турат.

Шаардын чет жакаларында курорттор жана санаторийлер эң көп. Жаңы ачылган курорттордун бири — «Жыргалаң» курорту. Ал Пржевальскийден Түпкө баруучу жолдун боюнда орношкон, деңиз деңгээлинен 1670 метр бийиктикте. Суусу хлориддүү, натрийлүү жана сульфаттуу. Ал дарылык касиети боюнча Кавказ курортторунан калышпайт. Температурасы 37—38°.

Бул курортко сөөк, тарамышы, нерв системасы ооругандар келип дарыланышат.

Пржевальскийдин чыгыш жагындагы «Ак-Суу» санаториясы өзүнүн ысык суусу менен даңкы чыккан санаториялардын бири. Деңиз деңгээлинен 2000 метр бийиктикте турат. 1957-жылы бул жерде балдардын санаториясы ачылган. Полиартрит менен ооругандарга эң жакшы жардам берет. Жомоктогудай кооз жаратылыш, таза абасы ден соолукту чыңдоого жана дарыланууга сонун шарт түзөт.

Балдардын санаториясынан ылдыйраак, чоңдор үчүн «Ак-Суу» курорту ачылган. Суусу хлорлуу, сульфат-натрийлүү. Суунун ысыктыгы жайында 58°, кышында 60° жетет. Каалагандар 10 күнгө жана андан көбүрөөк күнгө путевка алып курортко барып дарыланса болот.

Ак-Суунун айланасынын кооздугу, буурақандап аккан суусу, жашыл токою, кызыл граниттүү аскалары, карагай жана жемиштерине молдугу менен кимди да

болсун суктандырбай койбойт. Аскалардан ылдый булактар агып түшүп турат.

«Ак-Суу» курортунун баш жагында Арашан капчыгайында «Заря Коммунизма» колхозунун «Алтын арашан» деген курорту бар. Ал деңиз деңгээлинен 2500 метр бийиктикте турат. Ал жерге өйдө-төмөн кеткен кыя жол менен гана барууга болот. Суунун ысыктыгы 42° жетет. Бул курорт жыл бою иштейт.

Ысык булактын жанына курулган колхоздун курорту Арашан суусунун жээгинен орун алган. Капчыгайдын сол жагына жаш кызыл карагайлар өскөн. Бул булактардын дарылык касиети элге эчактан бери эле белгилүү болучу. Жай айларында түрдүү оорулардан айыгыш үчүн жүздөгөн чакырым жерден келишип сууга түшүп турушкан.

Алтын Арашандын айланасындагы ысык булактардын химиялык составы жана температурасы бирдей эмес. Бир жердеги ысык булактын температурасы 41° жетип, суусу тунук келип, күкүрттүү, водороддуу, экинчи бир жердеги ысык булактын температурасы 36° да, суусу родондуу.

Курорт жыл бою иштейт. Ысык булактын айланасындагы жаратылыштын кооздугу суктандырбай койбойт. Бийик тоолор, аркайган аскалар, шаркырап аккан суулар өзүнчө эле ажайып көрүнөт. Кыштын күнү курорттун күнгөй жагынан эчки, текелерди көрүүгө болот.

Пржевальскийдин батыш жагындагы «Жети-Өгүз» курорту Кыргызстандан тышкары жерлерге белгилүү. Курорттун кооз жерден орун алышы, суусунун дарылык касиети менен адамдарды кызыктырат. Ал Жети-Өгүз суусунун жээгинен орун алган. Деңиз деңгелинен 2200 метр бийиктикте турат.

Курорттун айланасындагы ысык жана муздак суулар көп. Ысык булактардын температурасы 37,5° тан 43,5°






Смоленск шаарындагы гимназияга 180 жыл толушуна карата чыгарылган юбилейлик медаль. Азыр бул орто мектеп.
Юбилейная медаль к 180-летию со дня основания гимназии, ныне средняя школа в г. Смоленске.

1849—1855-жылдарда Н. М. Пржевальский окуган мурдагы эркектер гимназиясы. Азыр бул орто мектептин имараты.
Бывшая мужская гимназия, где учился Н. М. Пржевальский с 1849 по 1855 г. Теперь это смоленская средняя школа № 7.





17 жашар Николай Михайлович Пржевальский прапорщик чининде түшкөн сүрөтү.
Н. М. Пржевальский в чине прапорщика в возрасте 17 лет.

Владимир Михайлович Пржевальский—Николай Михайловичтин ортончу агасы, юрист.
Владимир Михайлович Пржевальский—средний брат Николая Михайловича, юрист.

Евгений Михайлович Пржевальский — улуу саякатчынын иниси, математик.
Евгений Михайлович Пржевальский—младший брат Николая Михайловича, математик.











СССР география коомунун 125 жылдыгына карата чыгарылган юбилейлик медаль.
Юбилейная медаль «125 лет географическому обществу СССР».

СССР географиялык коомунун негизделгенине 125 жыл толгондугуна карата чыгарылган значок.
Значок, выпущенный к 125-летию со дня основания географического общества СССР.








Н. М. Пржевальскийдин 1867-жылы 1-январда түшкөн сүрөтү.
Н. М. Пржевальский 1 января 1867 г., к началу Уссурийского путешествия.



2-бөлүмдүн экспозициясы. Н. М. Пржевальскийдин Уссури крайына саякаты.
Экспозиция 2-го раздела. «Путешествие Н. М. Пржевальского в Уссурийский край».

Экспозиция залынын жалпы көрүнүшү.
Общий вид экспозиции зала.



Н. М. Пржевальский Лобнордо. Аң улоо ийгиликтүү болду.
Н. М. Пржевальский на Лобноре после удачной охоты.

2-бөлүмдүн экспозициясы. «Лобнор» саякаты.
Экспозиция 2-го раздела. «Лобнорское путешествие».






3-бөлүмдүн экспозициясы. «Н. М. Пржевальскийдин Тибетке биринчи саякаты».
Экспозиция 3-го раздела. «Второе Тибетское путешествие Н. М. Пржевальского».

Харламовдун «тосуп алуу» деген картинасы.
Картина Харламова «Встреча».



Н. М. Пржевальский генерал чининде. (Лимаковдун картинасы).
Н. М. Пржевальский в чине генерала. (Картина Лимакова).





Н. М. Пржевальскийдин өздүк буюмдары.
Подлинные личные вещи Н. М. Пржевальского.



Н. М. Пржевальскийдин үзөнгү жолдошу Дондок Иринчиков. Ал Борбордук Азияга жасалган төрт жолку саякатка катышкан.
Дондок Иринчиков — спутник Н. М. Пржевальского во всех четырех Центральноазиатских путешествиях.



Мырзаш Алдияров 2—3-жолку Борбордук Азияга жасалган саякатка катышкан. Жол көрсөткүч болгон.
Мырзат Алдиаров — проводник 2-го и 3-го Центральноазиатского путешествия.



Жоломан Чыныбаев—
Н. М. Пржевальскийдин жол көрсөткүчү. Борбордук Азияга төртүнчү саякат.
Джоломан Чыныбаев — проводник Н. М. Пржевальского в 4-ом Центральноазиатском путешествии.





Н. М. Пржевальский экспедицияга чыккан формасы менен.
Н. М. Пржевальский в экспедиционной форме.

I. 1. Н. М. Пржевальскийдин экспедициясы Ысык-Көлдүн жээгинде (1885).
2. Н. М. Пржевальский (солдо)
3. Орус географиялык коомунун председатели Н. М. Пржевальскийдин окутуучусу. П. П. Семенов Тян-Шанский (оңдо).
II. 1. Н. М. Пржевальскийдин маршруту боюнча Борбордук Азиянын рельефинин картасы.
2. В. И. Робровский (картанын оң жагындагы чоң сүрөттө).
3. П. К. Козлов картанын сол жагында. Н. М. Пржевальскийдин ишенимдүү үзөңгү жолдошторунун бири.
В центре «Экспедиция Н. М. Пржевальского на берегу Иссык-Куля (1885)». Н. М. Пржевальский (слева). П. П. Семенов-Тян-Шанский (справа), учитель Пржевальского. Рельефная карта Центральной Азии. Справа от карты В. И. Роборовский, слева — П. К. Козлов — верные спутники Н. М. Пржевальского.

4-бөлүмдүн экспозициясы «Н. М. Пржевальскийди эскерүүгө карата». 5-саякаттын башталышы. Саякатчынын акыркы күндөрү.
Экспедиция 4-го раздела. Начало 5-го путешествия. Последние дни жизни путешественника. «К памяти Н. М. Пржевальского».



Слабода имениесиндеги үй (Смоленск областы) Бул жерде Н. М. Пржевальский өзүнүн илимий эмгектерин жазган жана алып келген коллекцияларын иштеп чыккан.
Дом в имении Слобода (Смоленская область), где Н. М. Пржевальский писал свои научные труды и обрабатывал коллекции.







Н. М. Пржевальскийдин эстелиги. 1893-жылы негизделген.
Памятник Н. М. Пржевальскому. Основан в 1893 г.

Ленинград шаарындагы Н. М. Пржевальскийдин эстелиги. (1892).
Памятник Н. М. Пржевальскому в г. Ленинграде (1892 г.)



Мектеп окуучулары Н. М. Пржевальскийдин мүрзөсүнө гүл дестелерин коюп жатышат.
Школьники возлагают цветы на могилу Н. М. Пржевальского.






Орус географиялык коому чыгарган Н. М. Пржевальский атындагы алтын медалдын коло көчүрмөсү (1891).
Бронзовая копия золотой медали им. Н. М. Пржевальского, учрежденная Русским географическим обществом в 1891 г.

Акыркы бөлүмдүн музейдеги экспозициясы. Н. М. Пржевальский атындагы шаар.
Последний раздел в экспозиции музея. «Город, носящий имя Н. М. Пржевальского».

Мектеп окуучулары музейде.
Школьники в музее





чейин жетет. Жогорку радиоактивдүү жана жогорку минералдуу составга байлыгы менен эң эле баалуу. Ичегикарын оорусу менен ооругандар, нерв системасы ооругандар, боору ооругандар дарыланса эң жакшы жардам берет.

Курорттун корпустарынын жанындагы беттерде көк тиреген такойлор, жашыл арчалар, кооз гүлдөр өсөт. Ысык булактар, жалама кызыл аскалар, бийик карагайлар, ак кыйыңдар эс алууга өтө ыңгайлуу.

Пржевальск шаарынын «Жети-Өгүз» курортуна атайын автобус каттап турат.

1949-жылы Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде Покровка селосунун жанына «Ысык-Көл» санаториясы курулган. Ал деңиз деңгээлинен 1700 метр бийиктикте жайгашкан. Анын үч жагынан тең көлдүн суусу курчап турат. Бийик тоолуу деңиз климаты санаториядан дарылануучуларга батыраак айыгып кетишине жардам берет.

Покровка селосунан 22 чакырым арыраак Чоң-Кызыл-Суунун капчыгайында «Жылуу-Суу» деген колхоздук курорт бар. Ал деңиз деңгелинен 1390 метр бийиктикте жайгашкан. Булактын температурасы 43°. Бул жер да өтө кооз. Арсак-терсек аскалары, шаркырап аккан суусу, дарыянын сол жагындагы калың токою адамды өзүнө бир караганда эле тартып алат.

Покровка селосунан Жылуу-Сууга чейин машина менен барууга болот. Бирок жай айларында булактардын ташып кетиши курортко чейин барууга машинага тосколдук кылат.

Пржевальскийден 80 чакырым алыс батышыраак жагында, көлдүн боюнда «Тамга» санаториясы бар. Ал деңиз деңгелинен 1984 метр бийиктикте турат. Бийик тоолуу деңиз климатынын өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

Айланасы жашылдандырылган, корпустары айнек ме-

нен бетондон тургузулган. Күнөстөө куму, спорт аянтчасы, кайык станциясы — мына ушулардын бардыгы «Тамга» курортун Кыргызстандагы эң комфортабелдүү санаториялардын катарына кошот.

Туристтер Пржевальскийдин айланасындагы: Каракол, Ак-Суу, Арашан, Түргөн, Ырдык, Жети-Өгүз, Чоң-Кызыл-Суу жана Барскоон, Тамга өңдүү жана башка капчыгайларды аралап, агын сууларды бойлоп, алардагы кызыктуу жүрүшкө чыгып келишсе да болот.

«Чем же дорог и близок в нашей стране Пржевальский и за что мы так бережно относимся к его памяти? Он дорог своею любовью к родине, своим упорством, отказом от всего личного во имя науки, наконец он дорог нам своей железной энергией, волей и глубокой верой в то дело, которому он посвятил всю свою жизнь».

П. П. Померанцев

«Да, пусть говорят, что хотят,— писал Пржевальский,— но это верно, что в сочувствии природе есть что-то особенное, что-то бесконечно глубокое». И всю жизнь не расставался он со своим любимым занятием и действительно разгадал многие загадки природы Центральной Азии.

Тонкий наблюдатель, создатель прекрасных коллекций, аналитик, давший объяснение многим явлениям природы, Н. М. Пржевальский внес большой вклад в науку в области физической географии, этнографии, биологии.

В результате его путешествий навсегда исчезли белые пятна на карте Центральной Азии. Исследованиями Н. М. Пржевальского была охвачена огромная площадь: от Памирских гор до Хинганских хребтов. Посвятив себя изучению природы Центральной Азии, Николай Михайлович провел в ней около 10 лет и прошел более 31,185 км, из них 20 тыс. *км* нанес на карту. Им было собрано 16 тыс. видов гербариев, сделано более 7 тыс. чучел животных, птиц, млекопитающих.

Пржевальским сделано первое подробное описание великой центральноазиатской пустыни Гоби, пустыни Ала-Шань, областей: Ордос, Джунгария, Кашгария. Им были устновлены северные границы Тибетских нагорий,

открыты высочайшие хребты: Бурхан-Будда, Гумбольдта, Риттера, Колумба, Загадочный, Московский, Цайдамские; первым он поднялся на горные системы Куен-Луня, описал реки Хуанхе, Янцзы-Цзян, Тарим. Только после его исследований сведения о Центральной Азии приобрели научную основу.

До путешествий Н. М. Пржевальского растительный мир Центральной Азии был тайной для ученых. Среди привезенных им гербариев оказалось 218 новых видов, совершенно не известных до того времени в науке. Это виды 173 тибетских и 44 монгольских растений. Его ботанические работы вошли в историю мировой науки как основа полиографии Центральной Азии.

Маршруты экспедиций Пржевальского проходили не по населенным районам Центральной Азии, и это не давало ему возможности более глубоко заняться вопросами этнографии, и все же он уделял особое внимание изучению жизни и быта разных народов: корейцев, китайцев, монголов и многих других. В Центральной Азии он впервые открыл народность кара-курчинцев. Он описал такое явление, как многомужество в Тибете.

Многое сделал Н. М. Пржевальский в области геологии Центральной Азии. Он собрал коллекции горных пород, написал историю образования отдельных районов, описал состав слагающих их горных отложений.

Еще при жизни Н. М. Пржевальского и после смерти его в течение нескольких десятков лет целая плеяда русских ученых изучала, обрабатывала многотысячные коллекции Николая Михайловича, привезенные им из далеких районов Центральной Азии. Обработкой материалов занимались крупные ученые России: академики К. Максимович, Л. С. Берг, А. П. Федченко и многие другие.

Научные результаты Н. М. Пржевальского распределяются по пяти разделам: география, метеорология, эт-

нография, зоология, ботаника. Он один делал то, на что требовались усилия многих ученых.

Н. М. Пржевальский своими легендарными путешествиями продвинул русскую науку на целый век вперед. Советский народ по праву гордится всемирно известным географом Пржевальским. Путешествия и научные труды Пржевальского оценены по заслугам советской общественностью. Его труды переизданы в советское время. Его коллекции до сих пор хранятся и экспонируются в музеях страны. Несмотря на то, что уже прошло 84 года после смерти Н. М. Пржевальского, его дневники, труды, письма и сегодня представляют ценность не только для истории географических открытий, но и как научные материалы.

29 апреля 1959 г., по постановлению Совета Министров Киргизской ССР, был открыт единственный в нашей стране мемориальный музей Н. М. Пржевальского. Он расположен на юго-восточном берегу голубого Иссык-Куля в 12 км от города Пржевальска.

В настоящее время мемориальный музей Н. М. Пржевальского состоит из целого комплекса: могила Н. М. Пржевальского, памятник и музей.

Материалы, посвященные жизни и деятельности Н. М. Пржевальского, распределены по пяти разделам:

1. Детство и юность Н. М. Пржевальского.
2. Уссурийское путешествие.
3. Первое и второе путешествие по Центральной Азии.
4. Два Тибетских путешествия.
5. Начало пятого путешествия. Смерть Пржевальского и память о нем в народе.

Н. М. Пржевальский родился 12 апреля 1839 года в селе Кимборово Смоленской губернии в семье отставного офицера Невского пехотного полка Михаила

Кузьмича Пржевальского. В имении Отрадное прошли детские годы будущего путешественника.

Особая красота окружающих мест, березовые и сосновые рощи, озеро влекли к себе ребенка, здесь он целыми днями бродил, стреляя из игрушечного ружья, ловил рыбу. Эти занятия закаляли юный организм, расширяли кругозор, воспитывали в нем выносливость и бесстрашие, любовь к природе.

В 1849 г. его приняли в Смоленскую гимназию, которую он успешно окончил в 1855 г.

После окончания гимназии Н. М. Пржевальский был зачислен вольноопределяющимся в Рязанский полк, в котором прослужил почти 5 лет. Однако служба в армии его не удовлетворяла, мысль о путешествиях не давала покоя. Но для этого гимназического образования было недостаточно, и он решил поступить в Академию Генерального штаба. Окончив в 1863 г. академию, он в течение двух лет работал преподавателем истории и географии в Варшавском юнкерском училище. Это был важный период в жизни Пржевальского: здесь он начал готовиться к путешествиям. В эти годы он написал свой первый труд «Военное статистическое обозрение Приамурского края», которому была дана высокая оценка— Пржевальский был избран действительным членом Русского географического общества.

Вскоре он обратился в географическое общество с просьбой организовать под его руководством экспедицию для исследования Центральной Азии. Члены общества не решались доверить такое серьезное дело человеку, еще не показавшему себя в области исследований. Пржевальский добился перевода на службу в Иркутск и в 1867—1869 гг. совершил свое первое путешествие в Уссурийский край.

Это путешествие сделало имя Пржевальского известным всей России. Материалы, собранные им, поражают разнообразием тематики, тщательной ее разработкой, оригинальной методикой, умением делать обобщения и выводы. В результате путешествия была написана книга «Путешествие в Уссурийский край». За этот труд Пржевальского наградили серебряной медалью Русского географического общества. Экзамен на путешественника был сдан блестяще.

В 1870—1873 гг. географическое общество командировало Пржевальского в Монголию, Китай и Тибет. Экспедиционный отряд состоял из четырех человек. Начали свой путь из города Кяхты, прошли через пустыню Гоби, изучили озеро Далай-Нур, пересекли пустыню Ордос, открыли озеро Кукунор и дошли до притоков Янцзы. В течение трех лет экспедиция Пржевальского прошла более 1100 *км*. Результаты были огромные.

Это путеществие описано в двухтомном труде «Монголия страна тангутов». В первом томе географические описания, а второй — материалы по зоологии. Работа была полна географических открытий, богата научными данными. Она была переведена на немецкий и английский языки. Парижское географическое общество присудило автору Большую золотую медаль, а Русское географическое общество наградило его Константиновской медалью.

1876—1877 гг. Николай Михайлович совершает второе путешествие в глубь Центральной Азии. Это путешествие вошло в историю географических открытий под названием «Лобнорского». В план экспедиции входило изучение Лобнора, Тибета, Лхассы и берегов Брамапутры.

Однако путешествие не было закончено. Завершению его помешали многие причины: болезнь Николая Михайловича, начавшаяся русско-турецкая война, смерть мате-

ри. В дневнике от 1 июня 1877 г. записано: «В подобную минуту честь требует нас оставить на время мирное путешествие и стать в ряды сражающихся, послезавтра пошлю об этом телеграмму в Петербург, не знаю, какой получу ответ...»

Все же и это незаконченное путешествие внесло свой вклад в науку. Были открыты и изучены горная система Алтын-Таг, озеро Лобнор, дикая лошадь в Джунгарии и дикий верблюд.

Н. М. Пржевальский, прервав путешествие, записал в дневнике: «Прощай же, моя счастливая жизнь, но прощай не надолго, пройдет год, уладятся недоразумения.., поправится мое здоровье и тогда я снова возьму свой странческий посох и снова направлюсь в Азиатские пустыни».

В этот период Пржевальского избирают почетным членом Санкт-Петербургского ботанического сада Академии наук. Берлинское географическое общество присудило ему золотую медаль имени Гумбольдта.

Третье путешествие, или, как сам Пржевальский назвал, «Первое Тибетское путешествие», состоялось в 1879—1880 гг. Тибетское путешествие Пржевальского является одним из самых интересных и плодотворных по результатам. Более 8 тыс. *км* ранее не известных мест были засняты на карты. Экспедиция Пржевальского побывала в Джунгарии, Восточном Тянь-Шане, Нан-Шане, Тибете, Кукуноре и Верховьях Желтой реки, Ала-Шане. Пржевальский изучал климат, определял границы действия индийских муссонов в Восточном Тибете, причины образования сильных бурь и их действие на изменение климата и рельефа местности. Были собраны богатые коллекции животных и растений. Во время Тибетского путешествия Николай Михайлович изучал жизнь и быт китайцев, тибетцев.

Благодаря непроклонной воле и решимости Пржевальскому удалось дойти до Центрального Тибета. В то время, когда у него были трудные экспедиционные дни, пронесся слух о его гибели. Но великий путешественник продолжал свое дело. Итогом явился труд «Из Зайсана через Хами в Тибет и на верховья Желтой реки».

После Тибетской экспедиции Пржевальского избрали почетным членом Московского университета и почетным членом Московского общества сельского хозяйства.

Четвертое путешествие Н. М. Пржевальский совершил в 1883—1885 гг. Путешествие продолжалось два года. В течение этого времени он исследовал истоки Желтой реки, Алтын-Таг, Кашгарию до бассейна Тариса. Экспедиция Пржевальского успешно спустилась с Тибетских нагорий, открыла ряд горных систем, в частности, хребты: Московский, Русский, Колумба. Пржевальский посетил озеро Лобнор, затем через пустыню Такла-Макан дошел до Тянь-Шаньских гор.

Перейдя перевал Бедель, Н. М. Пржевальский поздравил своих спутников с окончанием четвертого путешествия. Обращаясь к ним, он говорил: «Сегодня для нас замечательный день. Вступили на родную землю. Выполнили все свои задачи до конца... Прошли и исследовали те местности Центральной Азии, в большей части которых еще не ступала нога европейца. Честь и слава вам, товарищи! О ваших подвигах я поведаю по всему свету, теперь же каждого из вас обнимаю и благодарю за службу от имени науки, которой мы служим, от имени родины, которую мы прославляли».

Через ущелье Заука караван прибыл в город Каракол. Все жители города — киргизы, узбеки, русские — радушно встретили отважного путешественника. Н. М. Пржевальский тогда впервые посетил этот живописный уголок киргизской земли.

Результаты четвертого путешествия были изложены в труде «От Кяхты на истоки Желтой реки». Академия наук России наградила его золотой медалью. С одной стороны ее надпись «Первому исследователю природы Центральной Азии», а с другой — портрет путешественника.

Слава Н. М. Пржевальского росла. А он готовился к новому путешествию. Исходным пунктом был избран г. Каракол, конечным — Лхасса. Но это путешествие отважному ученому не суждено было завершить. Добравшись до исходного рубежа путешествия — г. Каракола, Николай Михайлович заболел и на 50-м году жизни, 1 ноября 1888 г. скончался.

«Похороните меня непременно на Иссык-Куле, на берегу... надпись просто. Путешественник Пржевальский положен в гроб в своей экспедиционной одежде.» Заветное желание покойного было исполнено. Он навсегда оставлен в Азии. Его могила находится на крутом берегу Иссык-Куля, у подножия Тянь-Шаньских гор.

11 марта 1889 г., через пять месяцев после смерти Н. М. Пржевальского, вышел указ правительства о переименовании г. Каракола в г. Пржевальск.

В 1893 г. был построен пемятник Пржевальскому. Тогда озеро Иссык-Куль считалось труднодостигаемой окраиной и мало кто бывал на его берегах. Создан памятник по проекту академика А. А. Билдерлинга, друга Пржевальского по академии, архитектором И. Н. Шредером и изображает скалу, сложенную из больших глыб местного гранита. Весь памятник весит 365 *т*, высота 8 *м* 20 *см*. На вершине скалы большой бронзовый орел — символ ума, храбрости, бесстрашия. Под ногами орла — карта Азии на бронзовом листе, в клюве оливковая ветка — знак мирных завоеваний науки. На лицевой стороне памятника бронзовая медаль с барельефом Н. М Прже-

вальского и надпись: «Первый исследователь природы Центральной Азии Н. М. Пржевальский».

В экспозиции зритель познакомится с фотокопией картины, изображающей процесс строительства памятника, и фотографией «Открытие памятника Н. М. Пржевальскому в 1893 году».

В музее экспонируются личные вещи Н. М. Пржевальского: железная линейка, кошелек, перочинный нож, деревянная пиала, карандаш с записной книжкой, ружье (в 1891 г. оно как ружье отличной работы экспонировалось на выставке в Париже и было награждено золотой медалью), подлинные коллекции Пржевальского, голубой камень с берегов Голубой реки с личным автографом Н. М. Пржевальского, коллекции китайских монет, патроны.

К 100-летию со дня рождения В. И. Ленина был открыт новый раздел: «Город Пржевальск за годы Советской власти».

Этот раздел рассказывает о городе, о хозяйственном и культурном строительстве в Пржевальске.

В Киргизии свято хранят память об отважном исследователе горного края. Музей всегда полон людей разных возрастов, национальностей и профессий. Приезжают гости из-за границы.

На ближайшее будущее намечено строительство нового здания музея с просторными выставочными и лекционными залами, большой библиотекой. Территория музея станет настоящим заповедником.

В настоящее время работники музея ведут сбор новых материалов и надеются, что посетители музея помогут им в этом благородном деле.

В 12 *км* от озера Иссык-Куль расположен город, носящий имя великого путешественника Н. М. Пржевальского. После того, как вы побывали в музее, можно совершить интересные поездки по городу и его окрестностям.

Недалеко от автовокзала, на ул. Дзержинского, 158, находится краеведческий музей им. Н. М. Пржевальского. Здесь собрано много интересных и разнообразных экспонатов. Музей был основан до Октябрьской революции. Он посвящен Прииссыккулью и состоит из трех отделов: 1. «Природа»; 2. «Достижения в хозяйственном и культурном строительстве за годы Советской власти»; 3. «Этнография».

Немалый интерес представляет выставочный зал произведений живописи (ул. Ленина, 152), открытый 27 апреля 1964 г. Он создан по инициативе Союза художников Киргизии. Здесь регулярно устраиваются выставки картин местных художников, экспонируются работы мастеров кисти из других республик.

В окрестностях Пржевальска расположены курорты и санатории. Одни появились много лет тому назад, другие — совем недавно. «Джергалан» — один из самых молодых курортов. Он находится в 8 *км* от города, у самой дороги Пржевальск — Тюп, на высоте 1670 *м* над уровнем моря. Вода хлоридно-сульфатно-натриевая, щелочная, слабоминерализованная, по своим целебным свойствам приравнивается к водам кавказских курортов. Температура ее 37—38°.

Сюда на лечение направляются люди с заболеваниями суставов, костей, связных мышц, с расстройствами нервной системы и гинекологическими заболеваниями.

Район ущелья реки Ак-Су, в 15 *км* от города, издавна славится своими горячими источниками. Высота над уровнем моря около 200 *м*. В 1957 г. на горячих ключах

был основан детский санаторий «Ак-Су». Дети, страдающие полиартритом,— хозяева этого санатория. Нежаркое лето, целебные горячие источники, горный воздух и сказочно красивая природа — все это способствует здоровому отдыху и лечению.

Рядом с детским санаторием, вниз по течению реки, расположен курорт «Ак-Су». Вода слабоминерализованная, хлоридно-сульфатно-натриевая, щелочная. Летом температура ее 58°, зимой — 60°. Желающие могут приобрести путевку на 10 и более дней.

Места в районе «Ак-Су» живописные: бурная река, зелень хвойного леса, выходы красного гранита, осенью — ярко расцвеченные кусты рябины и барбариса. Со скал стекают горячие источники, которые зимой образуют 2—3-метровые сосульки и наледи.

В сравнительно близком соседстве с курортом «Ак-Су» располагается курорт колхоза-миллионера «Заря коммунизма» — «Алтын-Арашан». Он находится в живописном ущелье Арашан на высоте 2500 *м* над уровнем моря. К курорту ведет горная вьючная тропа со множеством подъемов и спусков. Она то взбирается вверх, то спускается к самой реке Арашан, петляет по склону. Многие туристы пытались сосчитать число поворотов на этой тропе, но к общему заключению не пришли: одни утверждают, что их 36, другие — 42...

Горячие источники, на которых создан колхозный курорт, расположены на самом берегу реки Арашан. Левый борт ущелья покрыт густым еловым лесом. Целебные свойства этих источников были известны местному населению еще издавна. Их считали священными. В теплое время года люди, страдавшие различными недугами, совершали сюда паломничество издалека, порою за несколько сотен километров.

Источники в районе реки Алтын-Арашан не одинако-

вы по своему химическому составу и температуре воды. В одном из них, самом большом, вода сероводородная, имеет температуру 41°. Вода прозрачная, с привкусом сероводорода. Во втором, расположенном в нескольких десятках метров от первого, вода радоновая, с температурой 36°.

Курорт работает круглый год. Район вокруг горячих источников продолжает сохранять всю прелесть первозданной природы. Вершины гор, скалы, горная река... На скалах зимним утром можно видеть козерогов, которые приходят сюда погреться на солнце.

Далеко за пределами Киргизии известен курорт «Джеты-Огуз», расположенный в одноименном ущелье в Терскей Ала-Тоо, в 28 *км* от Пржевальска. Эту славу курорту принесли целебные минеральные воды, красота мест, где он расположен. Находится он на высоте 2200 *м* над уровнем моря, на берегу реки Джеты-Огуз, в зоне хвойного леса.

В районе курорта бьют горячие и холодные ключи. Температура горячих источников от 37,5° до 43,5°; наиболее горячие незначительно газируют. Сочетание высокой радиоактивности с высокоминерализованным составом придает источникам особую ценность. Их воды используются для лечения людей с заболеваниями периферической нервной системы, органов движения, желудка, печени, а также с гинекологическими заболеваниями.

Горы из красных конгломератов у въезда на курорт образуют как бы ворота, в которые устремляет свои воды река, а рядом, прижавшись к реке, тянется полотно грунтовой дороги. Скалы из красноцветных третичных отложений дают возможность наблюдать процесс выветривания. Интересно побродить по длинным «коридорам» между скалами («быками») на левом берегу реки.

В самом близком соседстве с корпусами курорта на ближайших склонах и полянах растут эдельвейсы и пионы, ирисы, лесные орхидеи, эремурусы.

Горячие целебные источники, ярко-красные скалы, темно-зеленые высокие ели, белоствольные березы, обилие цветов, чистый горный воздух сделали этот уголок гор прекрасным местом отдыха.

Из города Пржевальска на курорт «Джеты-Огуз» можно попасть рейсовым автобусом, который курсирует по данному маршруту несколько раз в день.

В 1949 г. на южном берегу Иссык-Куля вблизи села Покровки был создан санаторий «Иссык-Куль». Он находится на высоте 1700 *м* над уровнем моря, его территория с трех сторон омывается водами озера Иссык-Куль. Редкое сочетание высокогорного и морского климата делает санаторий особенно ценным. Он работает круглый год.

Колхозный курорт «Джили-Су» расположен в ущелье Чон-Кызыл-Су, в 22 *км* от села Покровки.

В районе впадения в реку Чон-Кызыл-Су ее правого притока Джили-Су на высоте 2390 *м* над уровнем моря на поверхность земли выбиваются горячие источники. Воды их, имеющие запах и привкус сероводорода, газируют. Температура достигает 43°. Район выхода источников очень красив: крутые склоны ущелья, лес на левом берегу реки, бурные воды Чон-Кызыл-Су...

От села Покровки к курорту ведет хорошая дорога. Но в летний период обилие родников, в нескольких километрах ниже курорта, делают ее мало доступной.

Санаторий «Тамга» находится в 80 *км* от Пржевальска, у шоссе, идущего по южному берегу Иссык-Куля. Он расположен в долине между горами, одной стороной обращен к озеру. Здесь высота местности над уров-

нем моря 1684 м, своеобразный климат, который можно назвать высокогорным.

Великолепно озелененная территория, прекрасно оборудованный лечебный корпус из стекла и бетона, песчаный пляж, спортивные площадки, лодочная станция — все это делает «Тамгу» самым комфортабельным санаторием Киргизии.

Туристы могут совершить интересные походы по горным ущельям рек, расположенным в окрестностях Пржевальска: Каракол, Ак-Су, Арашан, Тургень, Ирдык, Джеты-Огуз, Чон-Кызыл-Су, Барскаун, Тамга и др.

16 к.